**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**Ч. АЙТМАТОВ АТЫНДАГЫ №69 МЕКТЕП-ГИМНАЗИЯ ОКУУ-ТАРБИЯ КОМПЛЕКСИ**

**МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

**УЧЕБНО-ВОСПИТАТЕЛЬНЫЙ КОМПЛЕКС ШКОЛА-ГИМНАЗИЯ №69 ИМЕНИ Ч. АЙТМАТОВА**

# БУЙРУК
# ПРИКАЗ

**12-декабрь 2023-жыл №79** **Зарбдар айылы**

**«Ч.Айтматов атындагы №69 мектеп-гимназия окуу-тарбия комплексинин мугалимдерин аттестациядан откоруу жонундо»**

Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетинин 2022-жылдын 24-июнундагы №351 токтомун жана Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2023-жылдын 22-ноябрындагы №5455/1 буйругун жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 28-ноябрь 2023-жыл №5495/1 буйругуна жана Кара-Суу райондук билим берүү бөлүмүнүн 4-декабрь 2023-жыл №326-б буйругуна ылайык мугалимдердин кесиптик өсүшүнө дем берүү, квалификациялык категория ыйгаруу, педагогикалык чеберчилиги жана квалификациясын, чыгармачылык активдүүлүгүн жогорулатуу максатында буйрук кылам:

1. Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетинин 2022-жылдын 24-июнундагы №351 токтому, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2023-жылдын 22-ноябрындагы №5455/1, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 28-ноябрь 2023-жыл №5495/1 буйругу жана Кара-Суу райондук билим берүү бөлүмүнүн 4-декабрь 2023-жыл №326-б буйруктары жетекчиликке жана аткарууга алынсын.

2. Мектепте мугалимдердин аттестациядан өткөрүү боюнча төмөндөгү курамда эксперттик комиссия беш жыл мөөнөткө түзүлсүн.

1. Эргашбаева Б.М. – комиссия төрайымы, директордун ОТИ боюнча орунбасары
2. Касимова Н.А. - комиссия катчысы, кыргыз тили жана адаб. МБ башчысы
3. Кодирова М. Дж. – комиссия мүчөөсү, методист
4. Хайдарова Ф.Б. – комиссия мүчөөсү, өзбек тили жана адаб. МБ башчысы
5. Алимова С.Ю. - комиссия мүчөөсү, орус тили жана адаб. МБ башчысы
6. Касымова Н.А. - комиссия мүчөөсү, англис тили МБ башчысы
7. Хожибуваева К.Х. - комиссия мүчөөсү, физика-мат., информат. МБ башчысы
8. Садикова Ш.З. - комиссия мүчөөсү, химия-биология МБ башчысы
9. Хожибуваева П.А. - комиссия мүчөөсү, тарых-география МБ башчысы
10. Косимов О.В. - комиссия мүчөөсү, эстетикалык цикл МБ башчысы
11. Тажибаева С.Х. - комиссия мүчөөсү, башталгыч класс МБ башчысы
12. Саипова М. М. – комиссия мүчөөсү, профком төрайымы
13. Исраилова Н.А. – комиссия мүчөөсү, Кара-Суу райондук БББнүн өкүлү

3. Эксперттик комиссия тарабынан беш күн мөөнөттүн ичинде иш план иштеп чыгылсын жана тиешелүү иш-аракеттер жүргүзүлсүн.

4. Эксперттик комиссия он күн мөөнөттүн ичинде 2023-2024 - окуу жылынын 1-кварталында аттестациядан өтүүчү мугалимдердин тизмесин аныктап, алар менен тиешелүү иш аракеттер жүргүзүлсүн. Андан кийинки иш аракеттер Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 28-ноябрь 2023-жыл №5495/1 буйругу менен бекитилген «Кыргыз Республикасынын билим берүү уюмдарынын мугалимдерин аттестациядан өткөрүүнүн иш-чаралар планы» негизинде алып барылсын.

5. Буйрукту аткаруу жана көзөмөлдөө жагы директордун окуу-тарбия иштери боюнча орун басары Б.Эргашбаевага жүктөлсүн.

Директор А.Х. Хожибуваев